Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин эксперти, тарых илимдеринин доктору Болпонова Асыл Бакытбековна Жумалиева Венера Боронбаевнанын “Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү” деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына берген

# КОРУТУНДУ

**1. Иштин диссертациялык кеңештин профилине жана адистик паспортуна шайкештиги**

Жумалиева В.Б. тарабынан сунушталган диссертациялык иш Жусуп Абдрахмановдун 1920–1930-жылдардагы мамлекеттик жана коомдук-саясий ишмердүүлүгүн изилдөөгө арналган. Изилденген мезгил Кыргызстандын тарыхындагы өтө маанилүү доорлордун бири болуп саналат жана 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистигинин паспортуна толук ылайык келет. Иш диссертациялык кеңештин профилине толук дал келет.

**2. Диссертациянын максаты**

XX кылымдын 20–30-жылдары Кыргызстандын тарыхында бурулуш учур катары таанылат. Бул мезгилде улуттук мамлекеттүүлүктүн калыптанышы жана социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр орун алган. Республика үчүн саясий, экономикалык жана маданий өнүгүүнүн багытын аныктаган негизги шарттарды түздү.

Жусуп Абдрахмановдун Кыргызстандын мамлекеттик түзүлүшүнө кошкон салымы чоң жана көп кырдуу болгон. Анын ишмердүүлүгү өлкөнүн саясий түзүмүнүн калыптанышында жана мамлекеттик саясаттын ишке ашуусунда чечүүчү ролду ойногон.

Ошентип, диссертант тарабынан коюлган негизги максат – Жусуп Абдрахмановдун 1920–1930-жылдардагы мамлекеттик ишмердүүлүгүн, ошондой эле анын Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө кошкон салымын комплекстүү изилдөө болуп саналат. Бул максат ишке ашуусу үчүн диссертацияда жети илимий маселе коюлуп, алар чечилген.

Теманын актуалдуулугу – «Кыргыз жараны» түшүнүгүн өнүктүрүү жана жарандык өздүгүн таануу саясатын практикалык деңгээлде ишке ашырууда чоң мааниге ээ. Ошондой эле, Кыргызстандын улуттук жана саясий элитасынын үлгүсүндө жаш муунду патриоттук духта тарбиялоого өбөлгө болот.

**3. Илимий натыйжалар**

Диссертациялык иште үч илимий негизделген теориялык жыйынтык сунушталган. Алардын жыйындысы тарых илими үчүн олуттуу салым болуп эсептелет.

Колдонулган булактар тизмеси – 144. Анын ичинен: архивдик документтер жана материалдар – 53; илимий адабияттар жана монографиялар – 74; материалдар жана документтер жыйнагы – 7; электрондук ресурстар – 8.

Иште чет өлкөлөрдөгү архивдердин материалдары кеңири колдонулган: Россия Федерациясы, Казакстан Республикасы, Өзбекстан Республикасы. Ошондой эле Кыргызстандын борбордук (ЦГАКР, ЦГАПД КР) жана Каракол шаардык архивинин фонддору колдонулган. Колдонулган кошумча материалдар – 12 таблица.

**4. Илимий натыйжалардын практикалык мааниси (тармак үчүн, өлкө үчүн, дүйнө үчүн)**

Кандидаттык диссертациянын негизинде алынган илимий натыйжалар төмөнкүдөй иш-чараларда колдонулган: илимий макалаларда; илимий жетекчиси менен биргеликте жарыяланган монографияда: **Ормушев А., Жумалиева В. «Жусуп Абдрахманов – чыгаан мамлекеттик ишмер». – Бишкек, 2021. – 128 б.**

Жумалиева В. тарабынан иштелип чыккан диссертациянын мазмуну: Кыргызстандын жаш муундарынын патриоттук духун көтөрүүгө; 1920–1930-жылдардагы реформалардын үлгүсүндө айылдар жана шаарлардын социалдык-экономикалык абалын жакшыртууга; аймактардын жаратылыш жана экономикалык потенциалын рационалдуу пайдаланууга; мамлекеттик жана жергиликтүү башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга; башкаруудагы моделдик жана административдик түзүмдөрдү өзгөртүүгө өбөлгө болот.

**5. Авторефераттын диссертация мазмунуна шайкештиги**

Автореферат сунушталган эмес.

**6. Эскертүүлөр**

Теманын аталышына «коомдук-саясий» деген сөздөрдү кошуу сунушталат, анткени диссертациянын 4-бөлүмүндө Ж. Абдрахманов жетектеген коомдук-саясий реформалар кеңири чагылдырылган. Демек, тема төмөндөгүдөй аталышы мүмкүн: **“Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик жана коомдук-саясий ишмердүүлүгү”**.

Жалпы 7 илимий милдет коюлган. Биздин оюбузча, №2 жана №3 милдеттерди бириктирип, «Ж. Абдрахмановдун коомдук-саясий көз караштарынын калыптанышын изилдөө» деген ат менен белгилөө туура болот. Жалпысынан, милдеттерди кайра карап чыгып, диссертация жазуу жобосуна ылайык тууралашы керек.

Кириш сөз бөлүмүндөгү “Коргоого коюлган жоболордо” 7 пункт көрсөтүлгөн. Бул жоболорду кайра иштеп чыгуу зарыл. Эгер мүмкүн болсо, 5 жана 6-пункттарды бириктирүү сунушталат.

“Ж. Абдрахмановдун күндөлүгүнүн тарыхый ролун аныктоо” деген жобонун акыркы пункту суроо жаратууда. Бул пунктту “Коргоого коюлган жоболорго” кошуу зарылбы? Анткени, күндөлүктөн алынган цитаталар бардык параграфтарда кездешет, бирок өзүнчө параграф катары жок.

**Бөлүмдөрдүн мазмуну боюнча:**

“Тарыхнаама” бөлүмүндө Ж. Абдрахманов тууралуу эмгектер 3 топко бөлүнгөн: кыргыз тарыхчыларынын эмгектери; мамлекеттик ишмерлердин эмгектери; үчүнчү топ – совет мезгилиндеги жана чет элдик эмгектер. Бул бөлүүдө тарыхый хронология бузулгандай таасир калтырат. Балким, 1-жана 3-топтордун ордун алмаштыруу туура болот.

Тарыхнаама боюнча суроо: Казакстандык изилдөөчүлөр тарабынан Ж. Абдрахмановго арналган азыркы мезгилдеги илимий изилдөөлөр барбы?

2.2-параграфта, методология бөлүмүндө 1990-жылдардан мамлекеттик, саясий ишмерлер, баатырлар жана белгилүү тарыхчылар сыяктуу тарыхый инсандардын ишмердүүлүгүн изилдөөчү мектеп калыптанганы тууралуу белгилөө зарыл. Чет элдик историографияда бул багыт “Биографиялык тарых”, “Лидерлик жана тарых”, “Жекечеленген тарых” деп аталат.

3.2 жана 4.1-параграфтарда илимий жана сандык маалыматтардын саны анализи жетишсиз берилген. Фактылар монотондуу баяндалган, аналитикалык түшүндүрмөлөр жок. Диссертациянын предметин түзгөн бул бөлүмдөр боюнча Ж. Абдрахмановдун ишмердүүлүгүн тематикалык блокторго бөлүп, сандык маалыматтарды таблица, графиктерде көрсөтүп, анализ жүргүзүү керек.

“Жыйынтыктар” бөлүмүндө коюлган 7 милдет боюнча толук жана так жыйынтык берүү керек. Милдеттер менен жыйынтыктардын ортосунда дал келбестик бар.

Практикалык сунуштар – үстүртөн берилген, тереңдетилген талдоо жана практикалык багыттан алыс.

Ж. Абдрахмановдун ишмердүүлүгүндөгү негизги даталар жана окуялар чагылдырылган таблицаны тиркөө сунушталат.

144 аталыштагы адабияттардын тизмеси техникалык жактан иретке келтирилүүгө муктаж.

**3.2. Илимий жыйынтыктардын ишенимдүүлүгүн негиздөө (материалдарды жыйноо ыкмалары жана илимий жыйынтыктарды жүйөөлөө):**
Илимий жыйынтыктар негизделген, архивдик материалдар жана адабияттар кеңири колдонулган. Тиркемелерде 12 таблица келтирилген.

**3.3. Иштин теориялык мааниси:** Материалдарды толуктап, байытуу болуп саналат.

**3.4. Квалификациялык белгилерге шайкештиги:** Диссертация талаптарга жооп берет.

**7. Сунуштар**

Изилдөө темасын кайра карап чыгып, толуктап өзгөртүү.

Диссертацияда коюлган милдеттерди жана коргоого коюлган жоболорду кайрадан тактап, толуктоо.

Ар бир параграф жана бөлүм боюнча жыйынтыктарды, корутундуларды күчөтүү, практикалык сунуштарды кеңейтүү.

Методологияны кайра карап чыгып, зарыл болсо изилдөө ыкмаларын кеңейтүү.

**8. Рекомендациялар**

Ж. Абдрахмановдун мамлекеттик жетекчи катары ишмердүүлүгүн комплекстүү талдоону камтыган чоң эмгек жаратуу сунушталат. Бул үчүн атайын адистешкен илимий даражасы бар адистерди тартуу менен үч багыттагы монография даярдоо максатка ылайык: тарыхчылар, экономисттер жана саясат таануучулар тарабынан комплекстүү баалоо жүргүзүү.

Тарыхый инсандарды изилдөөнүн методологиясы боюнча атайын ыкмалар, моделдерди жана инструменттерди камтыган методологиялык колдонмо түзүү демилгеси сунушталат.

**9. Корутунду**

Эскертүүлөргө карабастан, диссертациянын темасы актуалдуу жана Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын (НАК КР) талаптарына толук жооп берет.

**10. Жыйынтык чечим**

Эксперт, Болпонова Асыл Бакытбековна сунуш кылынган документтерди жана диссертацияны карап чыгып, Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д 07.23.671 диссертациялык кеңешине 07.00.02 Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Жумалиева Венера Боронбаевнанын "Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү" деген темадагы диссертациялык ишти алдын ала ачык коргоого сунуш кылат.

Эксперт, т.и.д., доцент Болпонова А. Б.

19.03.2025-ж.

Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тастыктаймын:
Окумуштуу катчы,
тарых илимдеринин доктору Карыева А. К.